**«Бекитемин»**
**ОшМУнун ректору, ф.-м.и.к.,**
**доцент К.Г. Кожобеков**
30.05.2020

Ош шаары "30" май, 2020-жыл.

**Ош мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу жана тарых факультетинин "Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология", "Жалпы тарых жана тарыхты окутуунун усулу" жана юридика факультетинин "Социалдык иштер" кафедраларынын кеңейтилген жыйынынын (№1) протоколунун**

## КӨЧҮРМӨСҮ

**Катышкандар:** т.и.к., доцент Арстанов С.А. (биргелешкен жыйындын төрагасы), т.и.к., профессор Кадыров Т.Д., ю.и.д., профессор Кулдышева Г.К., т.и.к. доцент Смадияров С.А., т.и.к., доцент Жаркынбаев Т.Ж., филос.и.к., доцент, Акматов Ө.С., т.и.к., доцент Дыйканова Ш.А т.и.к., доцент Марасулова Н.А., т.и.к., доцент Сатыбалдиева Ч.Т., т.и.к., доцент Чыныкеева Г.Э., т.и.к., доцент Апышова А., т.и.к., доцент Маразыков Н.К., т.и.к., доцент Осмонова С.К., т.и.к., доцент Жумашова Г. С., соц.илим.к., доцент Рустамова Д., улук окутуучу Патиев Н.М, т.и.к., доцент Токторбекова Н., улук окутуучу Каримова К., улук окутуучу Карабаева И., окутуучу Каримова Д.

**Күн тартибинде:**

1. Чыгыш таануу жана тарых факультетинин "Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология" кафедрасынын изденүүчүсү Абдувапова Айнагул Төшебаевнанын "**Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын**

**түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)”** деген темадагы 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясынын кол жазмасын талкуулоо.

**Угулду:**

**Жыйындын төрагасы, т.и.к., доцент С.А. Арстанов:** Урматтуу коллегалар, бүгүнкү жыйында тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына талапкер болгон диссертант ОшМУнун “Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология” кафедрасынын изденүүчүсү Абдувапова Айнагул Тешебаевнанын “**Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)”** аттуу темадагы диссертациясынын кол жазмасы талкууга коюлуп отурат. Белгиленген диссертациялык тема ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин 2013-жылдын 3-апрелиндеги № 6 отурумунда каралып, бекитилген. Илимий жетекчиси: т.и.д., профессордун м.а. Джоошбекова Айнагул Рысбаевна. Аталган диссертациялык иштин кол жазмасы сиздерге алдын ала таратылган. Баарыңыздарды талкууга активдүү катышып, сунуш пикирлериңиздерди билдирүүгө чакырамын.

**Филос. и.к., доцент Ө. Акматов:** Урматтуу төрага жана талкуунун катышуучулары,биринчиден, Айнагүл Тешебаевнанын темасы абдан актуалдуу, азыркы учурда этнодемографиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү чоң мааниге ээ. Экинчиден, тема абдан универсалдуу, өзүнөр көрүп жатасыңар, демографиялык, антропологиялык, социологиялык, этнологиялык жана жалпылап тарыхый багытта бир нече илимдерди бириктирип жатат. Белгилеп кетсем азыркы заманбап бардык илимдерде междисциплинардык методдор кеңири колдонулуп жатат. Бул иште да этнологиялык, социологиялык ж.б. методдор пайдаланылыптыр.

Үчүнчүдөн, диссертанттын абдан эмгектенгендиги, изилдегени көрүнүп турат. Изилдөөчү райондорду, айылдарды кыдырып, барып, жеринде изилдегенине биз күбөбүз, иштен да бул көрүнүп турат.

Жыйынтыктап жатып, Кыргызстандын социалдык саясатында илимий иизлдөөлөрдүн жыйынтыктары, практикалык рекомендациялары эске алынбай жатат, ошондуктан диссертант ишти ийгиликтүү коргоп, изилдөөнүн жыйынтыктарын монографияга айлантып, практика жүзүндө илимий сунуштарынызды жайылтсаңыз жакшы болот. Ошол сиздин илимге кошкон салымыныз болот эле деп эсептейм жана ишти жактоого сунуштайм.

**Т.и.к., доцент Т.Ж. Жаркынбаев:** Урматтуу кесиптештер, мен талкууланып жаткан иш менен таанышып чыктым. Айнагул Абдувапованын тандаган темасы жакшы экен. Теманын туура, так экендигин белгилегим келет. Диссертанттын чогулткан материалдары абдан көп жана бай. Менин оюмча, изилдөөчү Кыргызстандын түштүгү дегенде сөзсүз бардык калктын табигый кыймылын, калктын курамын, анын динамикасын сурайт. Ошондуктан, түштүктөгү этностор арасындагы, калктын табигый кыймылын салыштыруу материалдары көбүрөөк талданышы зарыл болчу деген пикирди айтам. Албетте ар бир иштин кемчилиги болот, бирок бул иш бүткөн иш. Мен өз оюмду, пикиримди кыскача эле айттым, көп кемчиликтерди көрбөдүм. Негизинен иш жакшы жазылып, жыйынтыкталган, коргоого сунуштайм.

**Т.и.к., доцент Ч.Т. Сатыбалдиева:** Айнагүл Тешебаевна темаңыз абдан актуалдуу, сиздин өзүңүздүн эмпирикалык материалдарыңыз басымдуулук кылгандыгын белгилесек, теманын актуалдуулугу мындан да жогорулайт. Диссертант эмпирикалык материалдарды көп колдонгондугу жакшы көрүнүш. Материал көп, ошону үчүн коюлган маселе ар тараптуу каралып жатат деп ойлойм. Сунуш катары диссертациянын көлөмү кеңейип кеткендиктен аны бир аз кыскартууну белгилемекчимин. Диссертациялык иштин кол жазмасы негизинен коюлган талаптарга жооп берет жана коргоого татыктуу деп эсептеймин.

**Т.и.к., доцент Г.Э. Чыныкеева:** Урматтуу кеңейтилген жыйындын төрагасы, урматтуу коллегалар, изденүүчү Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын «Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)» деген темадагы диссертациялык ишине пикиримди билдирип коюуга уруксат берсеңиздер.

Мен диссертант менен этносоциологиялык изилдөөлөрдү чогуу жүргүзгөнмүн. Иш абдан кызыктуу жазылган, статистикалык расмий маалыматтар камтылган жана тыкыр анализдегенге аракеттенген. Диссертациялык иштин киришүү бөлүгүндө илимий иштин актуалдуулугу, максаты, милдеттери, хронологиялык чеги, изилдөө объектиси аныкталган жана иштин түзүмүнө токтолгон.

Биринчи бап “Калктын этнодемографиялык жүрүмдөрүн изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери, булактары жана тарыхнаамеси” деп аталып, анда изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери, ыкмалары жана колдонулган булактар жана проблеманын тарыхнаамеси сыпатталган. Баса белгилей кетчү нерсе, чет олколук окумуштуулардын, совет доорундагы окумуштуулардын, фундаменталдык эмгектерине, ошондой эле кыргызстандык изилдөөчүлөрдүн эмгектерине сарасеп салынган. Бул диссертанттын ийгилиги.

Экинчи бап “Ош облусунун калкынын өнүгүүсүнүн негизги шарттары” деп аталган. Анда азыркы учурдагы Ош облусунун аймагы жана экономикалык өнүгүүсү, Ош облусунун тургундарынын рынок шартына ыңгайлашуусунун өзгөчөлүктөрү, облустун калкынын табигый өнүгүүсүнүн маселелери (төрөлүү жана өлүү), облустагы калктын миграциясы жана анын анын калктын курамына тийгизген таасири сыяктуу маселелерге да арналган. Айтайын дегеним, таблицалар өз орду менен берилген, талданган, бул жумуш да оор, ошентсе да бул цифраларды сүйлөтүү, жан киргизүү жагын мындан да күчөтүү керек деп ойлойм. Алсак, экономикалык жактан өнүгүү потенциалы жогору болгон Ош облусунун тургундарына сурамжылоо

боюнча «Сиздин үй-бүлөнүңүздүн материалдык абалы акыркы жылдары өзгөрдүбү?» деген суроо берилген (62-63-беттер) жана жооптору анализденген. Сунушум - маселелерди андан ары бекемдеп, практикалык сунуштарды берип, коомго пайдалуу элдин да, өзүнүн да пикирлерин билдирип, аны жакшыртуунун, чечүүнүн жолдорун издесе болмок. Ошентсе да, мындай сурамжылоонун суроолору диссертант тарабынан орундуу пайдаланылган жана интерпретацияланган.

Үчүнчү бап "Облустагы этнодемографиялык жүрүмдөр" деп аталат жана анда калктын курамындагы никелешүүлөр, ажырашуулар жана этностук курамдын өзгөрүүсү, облустун негизги этносторунун жаш-курамдык көрсөткүчтөрү, облуста этностордун аймактык жайгашуусунун өзгөчөлүктөрү (шаар жана айыл калкы), облустун негизги этносторунун билим деңгээли талдоого алынган. Алсак, Сизди башка улуттун өкүлдөрү менен түзгөн мамилелериниз канааатандырабы? (134-137-беттер) деген суроонун жоопторунун талдануусу абдан керек жана маанилүү. Анткени, Фергана чөлкөмүндөгү көп улуттуу, полиэтникалык аймак болуп эсептелген жана улуттар аралык араздашуулар болуп өткөн Ош облусунун саясий экономикалык стабилдүүлүгү, маданий алакалары, келечеги Кыргызстандын өнүгүүсүнүн негизги шарттарынын бири. Ушул жерде болушунча сунуштар, келечекке карай божомолдоолорду (прогноз) илимий изилдөөлөр бериши зарыл, анын ичинде сиздин изилдөөңүз дагы.

Диссертациялык иш белгилүү илимий деңгээлде, жаңы этносоциологиялык маалыматтардын негизинде, жаңы көз караш менен жазылган изилдөө. Автордун жетишкендиги – материалдарды чогултуп, ага изилдөөчүлүк баа бергенинде. Ошондуктан, жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтер, диссертациянын маани-маңызына, анын илимий баалуулугуна эч таасирин тийгизбейт. Жалпысынан алганда, А.Т. Абдувапованын диссертациялык изилдөөсү коюлган талаптарга жооп берээрлик деңгээлде даярдалган жана ачык коргоого сунуштайм.

**Т.и.к., доцент С.К. Осмонова:** (07.00.07.) Айнагүл Тешебаевна аябай актуалдуу тема тандап алгансыз. Тема азыркы учурдун талабы. Изилдөөңүздө, негизинен чет элдик окумуштуулар деп бөлүп маалыматты аябай жакшы карагансыз, орус окумуштууларын өзүнчө бөлүп койсоңуз так болот беле деген пикир жаралды. Чет элдик окумуштуулардын изилдөөлөрүн кеңири бергенсиз, орус окумуштууларына да кененирээк токтолсонуз жакшы болот эле. Мен да диссертациялык иштин кол жазмасын коргоого сунуштайм жана диссертантка ийгилик каалайм!

**Т.и.к., доцент А. Апышова:** Диссертация актуалдуу, ушул мезгилге чейин атайын изилденген эмес жана учурдун талабына жооп берет. Калктын курамы ар кандай тарыхый, экономикалык жана саясий шарттарга байланыштуу өзгөрүп турат. Бул диссертацияда биринчи жана экинчи улуттук эл каттоонун аралыгындагы Ош облусунун этнодемографиялык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү каралыптыр. Ар бир баптын аягындагы жыйынтыктарга кененирек токтолсо дурус болмок. Колдоого алаарлык эмгек жасалгандыктан А.Т. Абдувапованын диссертациясын коргоого сунуштайм.

**Т.и.к., доцент Ш.А. Дыйканова:** Диссертация бүгүнкү кыргыз тарыхнаамасындагы актуалдуу иликтөөгө багытталган иш экени талашсыз. Анткени, бул тема бүгүнкү күндөгү негизги маселелерден болгон никелешүү, ажырашуу жана миграциялык жүрүмдөр терең жана ар тараптуу изилденбестен көмүскөдө калып келүүдө. Бул таризде диссертант ар тараптан колдоого татыктуу. Кээ бир, техникалык, стилистикалык каталар бар, бирок бул мүчүлүштүктөр илимий иштин деңгээлин төмөндөтпөйт. Негизинен, коргоого сунуштаймын. Диссертанттын илимий ишине ийгилик каалаймын.

**Т.и.к., доцент Н.А. Марасулова:** Мен бул диссертация менен таанышып чыктым. Тема абдан актуалдуулугу менен мени өзүнө тартты жана бул эмгектин кыргыз тилинде жазылгандыгы абдан жакты. Аталып жаткан теманын актуалдуулугу эң маанилүү жана келечек көйгөйлөрүн жеңилдетүү үчүн көрүлгөн чаралардын бири деп эсептеймин.

Сунуш катары айтаарым, бир топ илимий терминдер учурда которулган, ошондуктан дагы аракеттенип, толук кандуу кыргызча жазууга болот. Мисалы, методология, мотив, практикалык мааниси, тенденция сыяктуу сөздөрдүн котормолору бар. Ар бир баптын аягындагы жыйынтыктарга кененирек токтолсо дурус болмок. Жыйынтыктап айтканда, диссертацияда сүйлөмдөр туура, так берилген.

Айрым учурда грамматикалык каталар кездешет, бирок бул мүчүлүштүктөр илимий иштин деңгээлин төмөндөтпөйт. Изденүүчү А.Т.Абдувапованын ишине ийгилик каалайм жана коргоого сунуштайм.

**Т.и.к., доцент Г.С.Жумашова:** Диссертациянын кол жазмасы менен таанышып чыктым. Иш көп түйшүк, эмгектин жыйынтыгында жазылганын көрдүм. Терең талдоонун негизинде мазмундуу иш даярдалган. Илимий ишти аткаруу, аны талкуулага коюу чоң эмгекти талап кылат. Диссертант чынында абдан чоң мээнет кылгандыгы көрүнүп турат. Изилдөө усулунда негизинен эмприкалык, салыштырмалуу-тарыхый ыкма, статистикалык маалыматтарады иштеп чыгуу, сурамжылоо, сурамжыланган маалыматтарды талдоо менен илимий айлампага баалуу жаңылыктарды киргизүүгө аракеттенген. Чет элдик булактар менен иштегени байкалып турат.

Диссертациялык иш илимий иштерге коюлуучу талаптарга жооп берээрлик илимий-методикалык деңгээлде жазылган. Иштин дагы бир көңүлгө толгон жагы – булактык базасы абдан бай. Жалпысынан айтканда, диссертациялык иш жакшы илимий-методикалык базада жазылып, жыйынтыкталган. Коргоого сунуштайм.

**Т.и.к. Н.А. Токторбекова:** Айнагүл Абдувапованын диссертациясы учурдун талабына жооп берет. Иштин ар бир жазылуу этабына мен күбөмүн. Диссертация үчүн талаа материалдарын чогултуу процессинде этносоциологиялык сурамжылоодо, Кыргызстандын түштүгүндөгү Ош, Жалал-Абат, Баткен облустарында бирге болдук. Изилдөөчүнүн ар бир жарык көргөн макалаларын окуп турдум. Талдоодо айрым жерде жыйынтыкталбаган жерлер бар. Кайталоолор бар. Жакшы редакция керек

деп ойлойм. Бирок бул диссертациянын жалпы илимий баалуулугун төмөндөтө албайт, иш абдан баалуу жана жакшы илимий деңгээлде жазылган, коргоого сунуштайм.

**С.А. Арстанов:** Талкууну жыйынтыктаардын алдында сөздү диссертантка берсек.

**А.Т. Абдувапова:** Урматтуу кесиптештер, сиздердин диссертациянын кол жазмасын окуп чыгып, баалуу сунуш-пикириңиздер үчүн ыраазычылык билдирем. Көпчүлүктүн ар кандай пикирлерин угуп көрдүм. Иш сиздер айткан сунуш, ойлор менен дагы байыйт деп ойлойм. Тема абдан көп кырдуу, ошондуктан дагы деле изилдөөнү талап кылат. Талкуу учурундагы илимий багыттагы баалуу сунуш ой-пикирлер мындан аркы изилдөөлөрдө да пайдалуу болот деп ойлойм. Убакыт бөлүп, ишти окуп чыгып, пикир айтканыңыздар үчүн баарыңыздарга терең ыраазычылык билдирем!

**С.А. Арстанов:** Урматтуу кесиптештер, диссертацияны окуп чыккан окумуштуулардын баары өз пикирлерин билдиришти. Талкуу учурунда айтылган көпчүлүк пикирлердин жыйынтыгы диссертациянын кол жазмасын коргоого сунуштоо болду. Ачык добуш берип коюңуздар.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы: талкууга катышкандардын баары “макул”, “каршы” – жок, “арсар” – жок.

## Корутунду

### Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу.

Абдувапова Айнагүл Тешебаевнанын “**Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде)**” аттуу диссертациясы актуалдуу теманы изилдеген.

Азыркы мезгилде этнодемографиялык жүрүмдөр социалдык–экономикалык жана саясий өнүгүүнүн негизинде өзгөрүп турат. Ошол эле учурда этнодемографиялык жүрүмдөр өлкөнүн, анын ичинде жалпы эле

элдин социалдык-экономикалык, саясий өнүгүүсүнө таасир этет. Ошондуктан бардык мамлекеттерде демографиялык, анын ичинде этнодемографиялык жүрүмдөргө ар дайым көңүл бурулуп, изилденип турат.

Ош облусу калкынын саны боюнча өлкөбүздүн эң жыш жайгашкан аймактардын бири болуп эсептелет. Бул облус көп этностуу аймак катары өлкөнүн социалдык-экономикалык жактан туруктуу өнүгүүсүнө олуттуу салымын кошуп келет. Ош облусунун калкынын этнодемографиялык маселелерин илимий жактан изилдөө азыркы мезгилдеги этнология илиминдеги актуалдууу проблемалардын бири болуп эсептелет.

**Автордун изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын алууга конкретүү жеке катышуусу жана анын жаңылыгы.**

Автор этносоциологиялык изилдөөнү жүргүзүүгө катышып, алынган маалыматтарды талдап, илимий жыйынтыктарды чыгарды.

Диссертант өз изилдөөсүндө Ош облусунун калкынын рынок шарттарына карата ыңгайланышуусун, үй-бүлөнүн материалдык абалынын калктын өзүн-өзү жаратуусуна таасирин алгачкы жолу өз алдынча этносоциологиялык материалдар менен аныктады. Ош облусунун калкынын этностук курамынын өзгөрүүсүнө, никелешүү жана ажырашуусунун өзгөчөлүктөрүнө, этнодемографиялык жактан өнүгүүсүнө табигый өсүштүн жана миграциянын таасирин изилдеди. Калктын этностук курамынын динамикасы, жыныстык жана жаш курамдарын изилдеп,анын өзгөчөлүктөрүн белгиледи.

Калктын социалдык-демографиялык түзүмүнүн жана аймактарда жайгашуусунун өзгөчөлүктөрүн талдоого алды.

**Диссертацияда келтирилген жоболордун, корутунду жана сунуштардын негиздүүлүгүнүн деңгээли.**

Изденүүчү диссертацияда ар бир алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди далилдөөдө өзү өткөргөн этносоциологиялык изилдөөнүн материалдарын, статистикалык маалыматтарды талдаган.

Илимий изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда жыйынтыктарды, алардын негизинде илимий жоболорду, корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берген. Диссертациялык иш жыйынтыкталган илимий-изилдөө эмгек болуп саналат.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын илимий-практикалык маанилүүлүгү.**

Изилдөөнүн жыйынтыктары мамлекеттин анын ичинде аймактардын демографиялык, социалдык-экономикалык өнүгүү багыттарын аныктоодо; Кыргызстандын көп улуттуу калкынын социалдык-экономикалык абалы, маданий өнүгүүсү, тарыхы боюнча атайын курстарды иштеп чыгууда; Этнодемография, этнология боюнча жалпылоочу эмгектерди жазууда; Студенттерге, магистранттарга, аспиранттарга тарых, этнология, демография, социология предметтерин окутууда, окуу-усулдук колдонмолорду түзүүдө, курстук, жыйынтыктоочу квалификациялык иштерди жазууда жана аталган тармактар боюнча илимий иштерди жалпылоодо пайдаланылышы мүмкүн.

**Диссертациялык изилдөөнүн мазмуну** 07.00.07. – этнология, этнография, антропология адистигине туура келет.

**Диссертациялык иштин көлөмү жана структурасы** Кыргыз Республикасынын ЖАКынын талаптарына ылайык келет.

Ош мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу жана тарых факультетинин “Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология”, “Жалпы тарых жана тарыхты окутуунун усулу” жана юридика факультетинин “Социалдык иштер” кафедраларынын 2020-жылдын 30-майында өткөрүлгөн (протокол №1) кеңейтилген жыйыны **А.Т. Абдувапованын “Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде”** аталышындагы кандидаттык диссертациясынын кол жазмасын карап чыгып,

аткарылган диссертациялык иши боюнча билдирүүнү угуп жана талкуулап чыгып

**ТОКТОМ КАБЫЛ АЛАТ:**

1. **А.Т. Абдувапованын “Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде”** деген темадагы 07.00.07. – этнология, этнография, антропология боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Республикасынын ЖАКынын талаптарына жооп берет;
2. **А.Т. Абдувапованын “Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндөгү этнодемографиялык жүрүмдөр (Ош облусундагы этносоциологиялык изилдөөнүн негизинде”** деген темадагы 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясы Диссертациялык кеңешке ачык коргоого сунушталат.

**Отурумдун төрөгасы,**
**т.и.к., доцент.** **Арстанов С.А.**

**Катчы** **Чыныкеева Г.Э.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

**Ош МУ**
**Тастыктаймын**
20 20 ж. « 30 » май
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.